КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ЫСЫК-АТА РАЙОНУ

КОЧКОРБАЕВ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
КОЧКОРБАЕВ
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН

КОЧКОРБАЕВСКИЙ
АЙЫЛЬНЫЙ АЙМАК
КОЧКОРБАЕВСКИЙ
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ

---

# ТОКТОМ № 113/ XVII -27

**26-июль 2019 -жыл** **Кенеш а.**

## «Май-Таш» жоопкерчилиги чектелген коомуна геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүүгө тыюу салуу жөнүндө

«Ысык-Ата-Түндүк» кум-шагыл аралашмасы табылган жер тилкесине Кыргыз Республикасынын өнөр-жай, энергетика жана жер байлыктарын колдонуу комитети тарабынан геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүү максатында жер байлыктарын колдонуу укугу менен 2019-жылы 22 апрелде берилген № 4992 ТР лицензиясынын ээси «Май-Таш» жоопкерчилиги чектелген коомунун материалдарын карап чыгып, Кочкорбаев айыл аймагындагы 15,6 га жер тилкесинде геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүүгө уруксат берүү жөнүндө суроо боюнча,
Кочкорбаев айылдык кенеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. «Май-Таш» жоопкерчилиги чектелген коомуна Ысык-Ата районунун Кочкорбаев айылдык аймагынын 15,6 га жер тилкесинин аянтында геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүүдөн баш тартылсын.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жер жана агрардык суроолор боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **А. Албекенов**